**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**
**МАТЕМАТИКА ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы**
**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 01.17.560

Кол жазма укугунда
УДК: 517.95 (575.2)

Асанкулова Майрамкан

# Ишканалардын оптималдуу жайгаштыруу маселелери жана аларды чыгаруу усулдары

08.00.13 – экономиканын математикалык жана инструменттик ыкмалары

Физика-математика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алынуучу диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек -2018

Диссертациялык иш КР УИАнын Математика институтунун экономикалык – математикалык усулдар лабораториясында аткарылган

**Илимий консультанты:** физика-математика илимдеринин доктору, профессор **Жусупбаев Амангелди**

**Расмий оппоненттер:** физика-математика илимдеринин доктору, профессор **Хачатуров Владимир Рубенович** (Москва, Орусия)

физика-математика илимдеринин доктору, профессор **Дюсембаев Ануар Ермуканович** (Алматы, Казакстан Республикасы)

Экономика илимдеринин доктору, **Кадыров Абдурахман Лакимович** (Ходжент, Таджикистан)

**Жетектөөчү уюм:** Л.Н. Гумилев атындагы Евразиялык улуттук университети
Дареги: Казакстан Республикасы, 010008, Астана ш., Мирзоян к., 2.

Диссертацияны коргоо 2018-жылдын 19 октябрында саат 14:00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Математика институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетин-деги физика-математика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча
Д 01.17.560 диссертациялык кеңешинин отурумунда өткөрүлөт.

Дареги: Кыргызстан, 720054, Бишкек шаары, Абдымомунов көчөсү- 328, КУУнун № 6-лабораториялык имараты, 211- аудитория.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын борбордук илимий китепканасынан жана МИ www.aknet.math.kg/zashity.html сайтынан таанышууга болот .

Дареги: Кыргызстан, 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Автореферат 2018–жылдын ________________ жарык көргөн.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы
ф.-м.и.д. профессор Байзаков А.Б.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертация темасынын актуалдуулугу.** Базар экономикасы шарттарында экономиканын ар башка тармактарында продукцияны өндүрүү жана продукцияны кайра иштетүү ишканаларын жаңы структуралары: корпорация, ири компаниялар жана башка бирикмелер пайда болгон учурда бул өндүрүштөрдү өлкөдө жайгаштыруу көйгөйү өзгөчө мааниге ээ болуп чыгат.

Жайгаштыруу маселеси - экономикада түзүлгөн байланыштарды, экономикалык субьектисинин жүрүм-турумун алдын ала жана дагы экономикалык динамиканы талдоо үчүн аспап болот. Ар өнөр жайдын ар башка технологиялары жана технико-экономикалык шарттары - жайгаштыруу маселелеринин башка математикалык моделдерин түзүүнү талап кылат.

Шартардын жана факторлордун ар түрдүүлүгү жайгаштыруу маселеде каралган чектөөлөрдүн мүнөзүндө жана курамында чагылдырылат.

Белгилеп кетиш керек, ылайыктуу чыгымдар менен продукция эл аралык стандарттын талаптарына ылайык келүүгө тийиш, ошондо ал ЕАЭС аймагында сатыла алат. Бул жагын алып караганда өндүрүлгөн продукцияга талап кылган эл аралык стандартка алып келиш үчүн өндүрүлгөн өндүрүштөрдү иштетүү боюнча мекемелерди түзүү керек.

Бул проблеманы чечиш үчүн жаны математикалык моделдерди жана аларды чыгаруу методдорун иштеп чыгуу керек, ошол мекемелерди оптималдуу план менен жайгаштыруну аныктоого мүмкүндүк берет.

Өндүрүлгөн продукциянын чыгымын өндүрүштүн көлөмүнө көз карандылыгын чагылдырган функция, же сызыктуу, же томпок болгон учурлары үчүн Л.В. Канторович, В.С. Немчинов, А.Л. Лурье, G.B. Dantzig, А.Г. Аганбегян, В.И. Алейников, G. Miller, Е.Г. Гольштейн, Д.Б. Юдин, И.Г. Гирсанов, В.А. Емеличев жана башка авторлор түзгөн усулдар сунуш кылынган жана аларды өндүрүштү жайгаштыруу маселелерин окуп үйрөнүүдө колдонулганы белгилүү.

Бул маселелердин өзгөчөлүгү алардын көп экстремалдулулугу. Аларды чыгаруу үчүн сызыктуу жана томпок программалоо усулдарын колдонуу көп локалдуу оптимумдарынын бирөөсүнө алып келет. В.П. Черенинин, В.Р. Хачатуровдун удаалаш эсептөө усулдарын (УЭУ) жайгаштуруу маселенин изилдөөдө бирден бир эффективдүү алгоритми жана усулдары болуп эсептелет. Өндүрүүнү жайгаштыруу маселесинде өндүрүштүн чыгымын аныктаган функция бүткүл сандык огу боюнча сызыктуу, координаттын башталышын албаганда, нөлдө үзгүлтүгү бар үчүн ушул алгоритмдер маселенин так чечимин табууга мүмкүндүк берет.

Кийинчерээк  бул усул А. Жусупбаевдин илимий изилдөө иштеринде өнүктүрүлгөн болуучу. Анын иштери  максаттуу функцияларынын бөлчөк түрүндөгү  түзүлүшү менен  жайгаштыруу маселе классын  изилдөөгө арналган,  жайгаштыруу маселеси үчүн удаалаш эсептөөлөр методу негизделген жана алардын чыгаруу алгоритмдери иштелип чыккан.

Эгерде компаниянын өндүрүү ишканаларын жана продукцияны  кайра иштетүү ишканаларын  жайгаштыруу маселесинде  продукциясы  өткөрүү жөндөмдүлүгү менен  жеткирилсе  аларда өндүрүштүн  чыгымын  жана кайра иштетүүнүн чыгымын аныктаган функция – сызыктуу, сызыктуу эмес (нөлдө үзгүлтүккө  учураган),  анда  алардын  чыгарылышына,  жалпы  учурда жайгаштыруу маселенин  өндүрүштүн чыгымын аныктаган сызыктуу жана томпок  функциялар  үчүн иштелип чыгарылган усулдарын  пайдаланганга мүмкүн эмес.

Так ушундай өндүрүү ишканаларын жана продукцияны  кайра иштетүү ишканаларын  жайгаштыруу маселесинде  өндүрүштүн чыгымын аныктаган сызыктуу  эмес  (нөлдө  үзгүлтүккө  учураган)  максаттуу  функциялуу жайгаштыруу маселелери  чоң  практикалык  баага  ээ.  Мунун  мааниси ушунда.

Ошого байланыштуу, бул илимий жумуш өндүрүү мекемелерин жана продукцияны  кайра  иштетүү  мекемелерин  жайгаштыруу  маселесинде максаттуу  функциялары  сызыктуу,  сызыктуу  эмес  (нөлдө  үзгүлтүккө учураган) болгон учурдагы  жайгаштыруу маселесинин өндүрүү жана кайра иштетүү  ишканаларын  өндүрүүнүн  көлөмүнө  жана  кайра  иштетүүгө кошумча чектөө шарттары менен, ошондой эле продукцияны транспорттоого чектөө  шарттары  болгон  учурдагы  жайгаштыруу  маселесине  чыгаруу усулун  иштеп чыгууга арналган.

**Диссертациянын темасынын  илимий-изилдөө долбоорлору менен байланышы.** Бул иш КР УИА Математика институтунун долбоорлорунун чегинде  аткарылды.  “Айыл  чарба  секторунда  көп  түрдүү  продукцияны өндүрүүнү  жайгаштыруу  маселесине  жана  жабык  суу  көлмөлөрүндөгү тартылуу  денгелинин  математикалык  туруктуулугун,  аппараттык  – программалык  каражаттардын  автоматташтыруу  системасындагы маалыматтарды  кайра  иштетүү”  ,  мамлекеттик  каттоо  №0001375,  (1999-2000); “Чийки затты өндүрүүдөгү жайгаштыруу маселесине математикалык моделдерди жана чыгарылыш ыкмаларын иштеп чыгуу, Ысык –көлдөгү  суу балансынын  элементтеринен  түзүлгөн  динамикалык  стохастикалык моделдери,  аппараттык программалык каражаттардын  системасындагы паралелдүү маалыматтарды  кайра иштетүү”, мамлекеттик каттоо №000155, (2001-2002);  “Кубулуштан  кийинки  таасирди  эске  алуу  менен  жабык

көлмөлөрдүн суу балансынын математикалык моделин иштеп чыгуу жана сызыктуу эмес жайгаштыруу маселесинин чыгарылыш усулдары, аппараттык программалык каражаттардын системасындагы чоң массивдүү маалыматтарды кайра иштеттүү”, мамлекеттик каттоо №0002796, (2003-2004); “Сызыктуу эмес функциялуу жайгаштыруу маселесине чыгаруу ыкмаларын жана алгоритмасын иштеп чыгуу жана анын тиркемелери”, мамлекеттик каттоо №0003850, (2005-2007); ”Оптимизациялоо маселелерин чыгаруучу усулдарын жана алардын алгоритмин өнүктүрүү жана аларга тиркемелер”, мамлекеттик каттоо №0005168, (2008-2009); “Кыргызстандын экономикалык процесстерин талдоо жана моделдештирүү” мамлекеттик каттоо №0005565, (2010-2011); “Компьютердик моделдөөнү, динамикалык системанын теориясындагы асимптотикалык жана аналитикалык усулдарды, тескери жана оптимизациянын экономикалык маселелерин жана жер титирөөнү ыкчам билүүдөгү геофизикалык берилгендердин талдоосун өрчүтүү жана колдонуу “, мамлекеттик каттоо №0005756 (2012-2014); “Компьютердик моделдөөнү, динамикалык системанын туруктуулук теориясындагы асимптотикалык, топологиялык жана аналитикалык усулдары, тескери маселелердин, экономикалык жана геофизикалык процесстердин чечүүнү өрчүтүү жана колдонуу”, мамлекеттик каттоо №0007125, (2015-2017) долбоолорунун алкагында аткарылган.

**Изилдөөнүн ыкмалары:** Диссертацияда операцияларды изилдөө ыкмалары, комбинатордук ыкма, компьютердик программалык каражаттар, В.П. Черениндин удаалаш эсептөө ыкмасы, сызыктуу эмес функцияны сызыктуу бөлүкчөлөп аппроксимациялоо ыкмасы колдонулган.

**Изилдөөнүн максаттары жана милдеттери**. Сызыктуу, сызыктуу эмес (нөлдө үзгүлтүккө учураган) максаттуу функциялуу жайгаштыруу маселенин классына ар кандай кошумча чектоо шарттары менен өндүрүүнүн көлөмүнө, кайра иштетүү жана продукцияны ташуу көлөмүнө чыгарылыш усулдарын жана алгоритмдерин иштеп чыгуу. Иштелип чыккан усулдар менен чыгарылуучу экономикалык маселелердин математикалык моделдерин иштеп чыгуу.

**Иштин илимий жаңылыктары.**

- продукцияны кайра иштетүүдө аларга коюлган ар кандай ыкмалар жана шарттарда өндүрүү жана кайра иштетүү чыгымдарын чагылдыруучу функциялары сызыктуу жана иймек сызыктуу болгон учурдагы продукцияны өндүрүү жана аны кайра иштетүү жайгаштыруу маселесине чыгаруу ыкмалары табылган;

- продукцияны ташууда мүмкүн болгон ыкмалары чектелген учурда жана өндүрүш чыгымдарын аныктоочу функциялары сызыктуу болгон өндүрүштү жайгаштыруу маселесине чыгаруу усулу иштелип чыккан;
- чийки затты казып алууга кеткен чыгымдарын аныктоочу функциялары сызыктуу болгон учурда, казып алуу ишканалардын ар бир иш мөөнөт учурунда чийки затты казып алуу көлөмүн жана алардын оптималдуу иш мөөнөттөрүн аныктоо ыкмасы сунушталган;
- ар бир иш мөөнөтүндө казып алуунучу чийки заттын көлөмү чектелген учурда казып алууга кеткен чыгымды аныктоочу функциялары нөль чекитте үзгүлтүккө учураган шартта, казып алуу ишканаларын жайгаштыруу маселеси үчүн удаалаш эсептөө усулун колдонуунун жеткиликтүү шарты далилденген;
- ар түрдүү колдонулуучу ыкмалар менен ташылуучу чийки заттын көлөмдөрү чектелген учурда чийки затты казып алууга кеткен чыгымдарды аныктоочу функциялары нөль чекитте үзгүлтүккө учураган шартта, казып алуу ишканаларды жайгаштыруу маселесине удаалаш эсептөө усулун колдонулушу негизделген;
- продукцияны ташуу ыкмасына жараша көлөмдөрүнө чектөө болгон учурдагы сызыктуу эмес максаттуу функциялуу өндүрүштү жайгаштыруу маселеси үчүн удаалаш эсептөө усулунун алгоритммасын пайдалануучу метод иштелип чыккан;
- кошумча көрсөтүлгөн чыгымы бар жана чийки затты казууда ар бир иш мезгилинде аны казуу чыгымдарын аныктоочу функциялары сызыктуу эмес (нөлдө үзгүлтүккө учураган) учурда казып алуу өндүрүштүк ишканаларды жайгаштыруу маселелери үчүн удаалаш эсептөө усулунун атайын алгоритмасын пайдалануучу ыкма иштелип чыккан;

Өндүрүштү жайгаштыруу маселелери үчүн экономика-математикалык моделдер тургузулган жана аларды чыгаруу ыкмалары көрсөтүлгөн:

- айыл чарба продукциясынын өндүрүүдө ар бир түрүнүн көлөмү белгилүү болгон учурда, айдоо аянттарын айыл чарба өсүмдүктөрүнө оптималдуу бөлүштүрүү маселесине;
- калдыктарды ташып чыгарууда коммуналдык чарбанын транспорт каражаттарын рационалдуу пайдалануу маселесине жана транспорт каражаттар паркын жаңылоо маселесине минималдуу чыгым критериясы боюнча;
- ЖЭБде өндүрүлө турган электр энергиясынын көлөмү белгилүү болгон учурда, сатып алынуучу көмүрдүн жана аны ташуу үчүн колдонуучу транспорт каражаттарынын оптималдуу курамын аныктоо маселесине.

**Теориялык жана практикалык баалуулук.**

Изделүүчү өзгөрүлмөлөрү ар түрдүү чектөөлөрдө болгон жана максаттуу функциялары сызыктуу жана сызыктуу эмес (нөлдө үзгүлтүккө учураган) жайгаштыруу маселелерине иштелип чыккан математикалык моделдер, чыгаруу усулдары жана алгоритмдери республиканын чарбалык субъектилери үчүн чийки заттарды казып алууну жана кайра иштетүүчү объектилерди оптималдуу жайгаштыруу вариантын тандоо куралы катары пайдаланса болот. Теориялык натыйжаларды илим-изилдөө мекемелеринде жана ЖОЖдордо ар кайсы класстардагы көп экстремалдуу маселелерди чечүү ыкмаларын жана алгоритмдерин иштеп чыгуу үчүн, ошондой эле адистерди даярдоо үчүн лекциялык курстарда пайдаланылат.

**Коргоого чыгарылган диссертациянын негизги жоболору:**

- продукцияны кайра иштетүүдө аларга коюлган ар кандай ыкмалар жана шарттарда өндүрүү жана кайра иштетүү чыгымдарын чагылдыруучу функциялары сызыктуу жана иймек сызыктуу болгон учурдагы продукцияны өндүрүү жана аны кайра иштетүү жайгаштыруу маселесине чыгаруу ыкмалары табылгандыгы;
- продукцияны ташууда мүмкүн болгон ыкмалары чектелген учурда жана өндүрүш чыгымдарын аныктоочу функциялары сызыктуу болгон өндүрүштү жайгаштыруу маселесине чыгаруу усулу иштелип чыккандыгы;
- чийки затты казып алууга кеткен чыгымдарын аныктоочу функциялары сызыктуу болгон учурда, казып алуу ишканалардын ар бир иш мөөнөт учурунда чийки затты казып алуу көлөмүн жана алардын оптималдуу иш мөөнөттөрүн аныктоо ыкмасы сунушталгандыгы;
- ар бир иш мөөнөтүндө казып алуунучу чийки заттын көлөмү чектелген учурда казып алууга кеткен чыгымды аныктоочу функциялары нөль чекитинде үзгүлтүккө учураган шартта, казып алуу ишканаларын жайгаштыруу маселеси үчүн удаалаш эсептөө усулун колдонуунун жеткиликтүү шарты далилденгендиги;
- ар түрдүү колдонулуучу ыкмалар менен ташылуучу чийки заттын көлөмдөрү чектелген учурда чийки затты казып алууга кеткен чыгымдарды аныктоочу функциялары нөль чекитинде үзгүлтүккө учураган шартта, казып алуу ишканаларды жайгаштыруу маселесине удаалаш эсептөө усулун колдонулушу негизделгендиги;
- продукцияны ташуу ыкмасына жараша көлөмдөрүнө чектөө болгон учурдагы сызыктуу эмес максаттуу функциялуу өндүрүштү жайгаштыруу маселеси үчүн удаалаш эсептөө усулунун алгоритмасын пайдалануучу усул иштелип чыккандыгы;

- кошумча көрсөтүлгөн чыгымы бар жана чийки затты казууда ар бир иш мезгилинде аны казуу чыгымдарын аныктоочу функциялары сызыктуу эмес (нөлдө үзгүлтүккө учураган) учурда казып алуу өндүрүштүк ишканаларды жайгаштыруу маселелери үчүн удаалаш эсептөө усулунун атайын алгоритмасын пайдалануучу ыкма иштелип чыккандыгы;

Өндүрүштү жайгаштыруу маселелери үчүн экономика-математикалык моделдер тургузулган жана аларды чыгаруу ыкмалары көрсөтүлгөндүгү:

- айыл чарба продукциясынын өндүрүүдө ар бир түрүнүн көлөмү белгилүү болгон учурда, айдоо аянттарын айыл чарба өсүмдүктөрүнө оптималдуу бөлүштүрүү маселесине;
- калдыктарды ташып чыгарууда коммуналдык чарбанын транспорт каражаттарын рационалдуу пайдалануу маселесине жана транспорт каражаттар паркын жаңылоо маселесине минималдуу чыгым критериясы боюнча;
- ЖЭБде өндүрүлө турган электр энергиясынын көлөмү белгилүү болгон учурда, сатып алынуучу көмүрдүн жана аны ташуу үчүн колдонуучу транспорт каражаттарынын оптималдуу курамын аныктоо маселесине.

**Диссертациянын натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациянын темасы боюнча негизги жоболор жана изилдөөлөрдүн натыйжалары КР УИАнын Математика институтунун экономикалык-математикалык усулдар лабораториясынын семинарларында (1998-2017), “Математикалык моделдештүрүүнүн маселеси жана маалымат технологиялары” эл Аралык илимий-практикалык конференциясында (Бишкек, 2001), академик М. Иманалиевдин 70 жылдыгына арналган “Континуум механикасы жана тоо тектеринин механикасы заманбап көйгөйлөрү” эл Аралык илимий конференциясында (Бишкек, 2002), “ Операцияларды изилдөө жана дискреттик анализ” оруссиялык конференциясында (Новосибирск, 2002), “Оптимизациялык мисалдарды чыгаруу жана эсептөө усулу” эл Аралык семинарында (Новосибирск, 2004), “Математикадагы асимптотикалык, топологикалык жана компьютердик усулдар” II-чи эл Аралык илимий конференциясында (Бишкек, 2006), “Татаал системаларды оптималдаштыруу көйгөйлөрү” эл Аралык азиялык мектеп-семинарында (2006-2017), академик А. Жайнаковдун 70 жылдыгына арналган “Илимде, техникада жана билим алуудагы математикалык моделдештирүү жана маалымат технологиялары” эл Аралык илимий конференциясында (Бишкек, 2011), академик М. Иманалиевдин 80 жылдыгына арналган “Математикадагы асимптотикалык, топологикалык жана компьютердик усулдар” эл Аралык илимий конференциясында (Бишкек, 2011), “Ысык-Көл математикалык эл Аралык форуму” (Бозтери а.,2015), академик М. Иманалиевдин 85

жылдыгына арналган “Математикадагы асимптотикалык, топологикалык жана компьютердик усулдар” эл Аралык илимий конференциясында (Бишкек, 2016), ф.-м.-и.д., профессор Керимбеков А. юбилейине жана илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнүн 45 жылдыгына карата “Башкаруу теориясы, топология жана оператордук теңдемелер” III-чү эл аралык илимий конференциясында (Бишкек, 2017), академик Бөрүбаев А.А. илимий семинарында (Бишкек, 2018).

**Диссертациянын темасы боюнча жарыялоолор.** Диссертациянын негизги натыйжалары 39 илимий иштерде жарыяланган, алардын ичинде 2 монография, бирөөсү биргелешкен иш. Баардык иштерде илимий консультантка тиешелуу маселени коюу, авторго аны чыгаруу, жана авторлоштор алынган натыйжаларды талкуулоого катышкан. Система РИНЦте бардыгы болуп 18 иш жарыяланган, анын ичинде Кыргызстандын РИНЦинде -8; Орусиянын РИНЦинде -10; башка чет өлкө рецензияланган басмаканаларда -6, башка басмаканаларда -4 иш.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш баяндалган жана киришүүдөн, төрт бапдан, корутундудан, 144 аталыштан турган пайдаланылган булактардан жана тиркемеден турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 197 бет машина аркылуу жазылган тексттен турат.

**Иштин кыскача мазмуну.** Киришүүдө теманын актуалдуулугунун негиздемеси, иштин жалпы мүнөздөмөсү берилген.Төмөндө келтирилген бардык белгисиз өзгөрүлмөлөр $x_i$, $y_j$, $x_{ij}, z_{ij}, y_{ij}$, терс эмес деп болжолдонот.

Биринчи бапда өндүрүүнүн көлөмүнүн жана кайра иштетүүнүн жолунун көлөмүнө чектөөсү менен продукцияны өндүргөн ишканаларды жайгаштыруу маселесинин классын караган жалпы маселенин коюлушу баяндалган жана изилдөөнүн темасы боюнча адабияттын баяндамасы келтирилген, б.а. экстремалдуу маселенин төмөнкү түрү каралат:

$$L(x)=\sum_{i\in I}\sum_{j\in J}c_{ij}x_{ij}+\sum_{i\in I}\varphi_i(x_i)+\sum_{j\in J}\sum_{k\in K}\psi_j^k(y_j^k)\to min \quad (1)$$

чектөөлөрдө:

$$\sum_{j\in J}x_{ij}=x_i\le a_i,\quad i\in I, \quad (2)$$

$$\sum_{i\in I}x_{ij}=\sum_{k\in K}y_j^k,\quad j\in J, \quad (3)$$

$$\sum_{j\in J}y_j^k=b_k,\quad k\in K, \quad (4)$$

$$0\le y_j^k\le Q_j^k,\quad j\in J,\ k\in K, \quad (5)$$

мында $x=\{x_{ij}:\ i\in I,\ j\in J\}$, $y=\{y_j^k : j\in J,\ k\in K\}$; $c_{ij}$, $i\in I,\ j\in J$, $a_i$, $i\in I$, $b_k$, $k\in K$, $Q_j^k$, $j\in J,\ k\in K$ – белгисиз параметрлер, ал эми $\varphi_i(x_i)$, $i\in I$, $\psi_j^k(y_j^k)$, $j\in J,\ k\in K$ – айрым (кээ бир) берилген функциялар; жана дагы ташыла турган продукциянын кошулган көлөмү өндүрүү ишканалардан керектөөчүлөргө ташуу жолу көрсөтүлгөн максималдуу жөндөмдүлүгүнөн ашпашы керек, б.а. өндүрүүнү жайгаштыруу маселесинин төмөнкү түрү каралган:

$$L(x)=\sum_{i=1}^{m}\sum_{j=1}^{n}\sum_{k=1}^{p}c_{ijk}x_{ijk}+\sum_{i=1}^{m}\varphi_i(x_i)\rightarrow min \qquad (6)$$

чектөөлөрдө:

$$\sum_{j=1}^{n}\sum_{k=1}^{p}x_{ijk}=x_i\le a_i,\ i=1,2,...,m,\ \ \sum_{i=1}^{m}\sum_{k=1}^{p}x_{ijk}=b_j,\ j=1,2,...,n,\ \ \sum_{i=1}^{m}\sum_{j=1}^{n}x_{ijk}\le D_k,\ k=1,2,...,p, \qquad (7)$$

мында $x=\{x_{ijk}:\ i\in I,\ j\in J,\ k=1,2,...,p\}$; $c_{ijk}$, $b_j$, $a_i$, $D_k$ – белгисиз параметрлер, жана $\varphi_i(x_i)$, $i=1,2,...,m$ – берилген функциялар.

Удаалаш эсептөө усулунун колдонуудагы келтирилген жетиштуу шартынын түрү

$$S(\omega_1,\omega_2)=P(\omega_1)+P(\omega_2)-P(\alpha)-P(\beta)\le 0 \qquad (8)$$

удаалаш эсептөө усулунун алгоритми В.П. Черениндин жоболугу боюнча баяндалган.

Мында $\omega_1$ жана $\omega_2$ – көптүктүн $\Omega=\{1,2,...,m\}$ эркин көптүгү, $\alpha=\omega_1\cup\omega_2$, $\beta=\omega_1\cap\omega_2$ жана $P(\omega_1)$, $P(\omega_2)$, $P(\alpha)$, $P(\beta)$ – максаттуу функциясынын эң кичине мааниси $\omega_1$, $\omega_2$, $\alpha$ жана $\beta$ көптүктөр менен дал келүүсү аныкталуучу.

Иштин экинчи бапы максаттуу функциялары $\varphi_i(x_i)$, $\psi_j^k(y_j^k)$ сызыктуу жана иймек сызыктуу болгон учурдагы продукцияны өндүрүүнү жана кайра иштетүүнү жайгаштыруу маселесинин түрү (1)-(5) жана продукцияны ташуу ар бир жолу өткөрүү жөндөмдүлүгүн байланышкан өндүрүүнү жайгаштыруу маселесинин түрү (6),(7) учурларынын чыгаруу ыкмаларына арналган.

2.1 де (1)-(5) маселеде $k=2$ учурунда (3),(5) шарттары алмаштырылган шарты $\sum_{i=1}^{m}x_{ij}=z_j+y_j,\ j\in J,\ 0\le z_j\le q_j,\ 0\le y_j\le Q_j,\ j\in J$ жана $\varphi_i(x_i)$, $i\in I$, $\psi_j(y_j)$, $f_j(z_j)$, $j=1,2,...,n$ – сызыктуу үзгүлтүксүз функциялар. Маселени чыгаруу үчүн $\overline{x}_{ij}=z_{ij}+y_{ij},\ i\in I,\ j\in J$ түрүндөгү өзгөрүлмөлөрдү алмаштыруу киргизилген жана маселе транспорттук моделге алып барылган. Чыгаруу ыкмасы сандык мисалда көрсөтүлгөн.

2.2 де 2.1 деги функциялары $\varphi_i(x_i)$, $i=1,2,...,m$, $\psi_j(y_j)$ и $f_j(z_j)$, $j=1,2,...,n$,

баяндалган иймек сызыктуу үзгүлтүксүз өсүүчү болгон учуру үчүн маселени чыгаруунун ыкмасы келтирилген. Маселени чечүү үчүн ыкма иштелип чыккан максаттуу функцияда камтылган томпок функцияларын $\varphi_i(x_i)$, $i=1,2,\ldots,m$, $\psi_j(y_j)$ и $f_j(z_j)$, $j=1,2,\ldots,n$, сызыктандыруу ыкмасы негизделген. Тыюу салынган тарифтер менен биргелешкен бул ыкманы колдонуу сызыктык программалаштыруунун транспорттук маселесин апроксимациялоого мүмкүнчүлүк берди. Маселени чыгаруу ыкмасы сандык мисалда көрсөтүлгөн.

2.3тө функциясы ушундай $\varphi_i(x_i)$, $i\in I$, $\psi_j^k(y_j^k)=c_j^k y_j^k$, $j\in J$, $k\in K$ болгон учуру үчүн маселе каралган. Өндүрүүнүн, кайра иштетүүнүн изделүүчү көлөму сызыктуу жайгаштыруу маселесине $x_{ij}=\sum_{k\in K} z^k_{ij}$, $i\in I$, $j\in J$ түрүндөгү тендештиктер менен алмаштырылган жана белгиленген жыйынтыкталган продукциянын көлөму өндүрүүлгөнгө жана кайра иштетилгенге милдеттүү. Маселени чыгаруу жолу үчүн мүмкүнчүлүгү сунушталган: кайра иштетүүнүн ар бир технологиялык жолунун заказы белгилүү $b_k$, $k\in K$; жана продукцияны кайра иштетүүнүн көлөмүнүн бардык жолунун заказы белгилүү $Q$.

2.4тө $\varphi_i(x_i)$, $x_i\in[0,a_i]$, $i=1,2,\ldots,m$ сызыктуу үзгүлтүксүз болгон учуру (6), (7) маселени чыгаруу ыкмаларына арналган. Маселени чыгаруу үчүн эки этаптан турган ыкма сунушталган. Биринчи кадамда ташылуучу продукциянын көлөмү жана керектөөчүлөрдү ишканаларга дайындоо схемасы бекитилет. Экинчи кадамда компаниянын өндүрүү ишканалардан керектөөчүлөргө ташуу жолу аныкталат. Маселени чыгаруунун ыкмасы сандык мисалда көрсөтүлгөн.

2.5те ар бир мөөнөттө казып алынуучу чийки заттын көлөмү жогорудан чектелген $x_{ik}\le d_{ik}$, $i\in I$, $k\in K$ (6), (7) маселенин айрым учуру каралган. Ар бир мөөнөттө чийки заттын казуу чыгымын аныктаган функциясы сызыктуу, б.а. $\varphi_{ik}(x_{ik}) = c_{ik}x_{ik}+c_{ik}^0$, $x_{ik}\ge 0$, $i\in I$, $k\in K$ болгон учуру үчүн маселени чыгаруу жолу сунушталган. Сандык мисал келтирилген жана чыгарылган.

Иштин үчүнчү бапы өндүрүү чыгымын жана кайра иштетүү чыгымын аныктаган функциялары сызыктуу эмес нөлдө үзгүлтүгү бар (1)-(5) жана (6), (7) жайгаштыруу маселелерин чыгаруу ыкмалары жана алгоритмдери үчүн арналган.

3.1 де (6), (7) маселенин айрым учуру, б.а. 2.5 баяндалган маселенин функциясы $\varphi_{ik}(x_{ik}) = c_{ik}\, x_{ik} + T_{ik}\theta(x)$, $i=1,2,\ldots,m$, $k=1,2,\ldots,p$, анда $T_{ik}$ – const, $\theta(x)=1$ $(x>0)$, $\theta(x)=0$ $(x=0)$ болгон учуру каралган. Функция $\varphi_{ik}(x_{ik})$,

$i=1,2,...,m$, $k=1,2,...,p$ нөлдө үзгүлтүктүү себеби болгон үчүн карала турган мейкинде маселе, мындайча айтканда, точка минимуму көп санга ээ болот. Ошого байланыштуу маселени чыгаруу үчүн В.П. Черениндин удаалаш эсептөө усулу колдонулган.

Ар бир чийки зат казуу ишканасы $A_i$, $i\in I=\{0,1,2,...,m\}$ казуу ишканаларынын көптүк катарында $A_{ik}$, $i\in I$, $k=1,2,...,p$ каралган. Маселе төмөнкү түрүнө алып келинген:

$$L(\bar{x},\Delta(I))=\sum_{ik\in\Delta(I)}\sum_{j=1}^{n}\bar{c}_{ikj}x_{ikj}+\sum_{ik\in\Delta(I)}T_{ik}\theta(x_{ik})\rightarrow min \quad (9)$$

чектөөдө $\sum_{ik\in\Delta(I)}x_{ikj}=b_j,\ j=1,2,...,n,\ \ \sum_{j=1}^{n}x_{ikj}=x_{ik}\le D_{ik},\ \ ik\in\Delta(I),$ (10)

анда $x=\{x_{ikj}:\ ik\in \Delta I\ ,\ j\in J\}$; $\bar{c}_{ikj}=c_{ij}+c_{ik}$, $ik\in\Delta(I)$, $j=1$, $A_{ik}$ ишканада чийки затты казуу көлөму – $D_{ik}$ , $A_{ik}$дан $B_j$га чийки затты ташуу көлөму – $x_{ikj}$, $A_{ik}$дан $B_j$га салмак бирдигин ташуу чыгымы – $c_{ikj}$, $\{ik\}$, $i\in I$, $k=1,2,...,p$ индекстердин көптөгөн жуптары – Δ(I). Көптүктүн киргизилген жыйындысы $\delta(\omega)\subset\Delta$ (I), ар бир $\delta(\omega)\subset\Delta(I)$ көптүктүн жыйындысы үчүн $L(\bar{x},\delta(\omega))=\sum_{ik\in\delta(\omega)}\sum_{j=1}^{n}\bar{c}_{ikj}x_{ikj}+\sum_{ik\in\delta(\omega)}T_{ik}$ функциясы тургузулган.

$L(\bar{x},\delta(\omega))$ функциянын эң кичине мааниси (10)чу шартты менен жана $\Delta(I)$ көптүктү $\delta(\omega)$га алмаштырылган учуру, $P(\delta(\omega))$ деп белгиленген. (9),(10) маселе төмөнкү барабар маселе менен алмаштырылган: $\delta(\omega)\subset\Delta(I)$ көптүктүктүн ичинен $\delta^*(\omega^*)\subset\Delta(I)$ камтыган мындай көптүктүктү аныктоо талап кылынат, анда $P(\delta(\omega))$ өзүнүн $P(\delta^*(\omega^*))$ эң кичине маанисине , б.а. $P(\delta^*(\omega^*))=\min_{\delta(\omega)\subset\Delta(I)}\{P(\delta(\omega))\}$ жетет.

Бул маселе үчүн удаалаш эсептөө усулун колдонучулугунун жетиштуу шарты (8) далилделген. Бул маселеге В.Р Хачатуров сунуштаган эсептөө алгоритмин 2.5те келтирилген айкалышкан чечүү жолун колдонуга мүмкүнчүлүк берет. Чыгаруучу алгоритмди көрсөтүш үчүн сандык мисал келтирилген жана чыгарылган.

3.2 де $\varphi_i(x_i)$, $i\in I$ функциясы сызыктуу, жана функциясы $\psi_{jk}(y_{jk})=c_{jk}y_{jk}+T_{jk}\theta(y_{jk})$, $j=1,2,...,n$, $k=1,2,...,p$ болгону үчүн (1)-(5) маселенин чыгаруу методуна арналган. 3.2 келтирилген өзгөртмө окшош жолу менен бул маселе төмөнкү түргө келтирилген:

$$L(\bar{x},\bar{y},\Delta)=\sum_{i\in I}\sum_{jr\in\Delta}c_{ijr}x_{ijr}+\sum_{jr\in\Delta}\sum_{k\in K}(c_{jrk}y_{jrk}+T_{jrk}\theta(y_{jrk}))\rightarrow min \quad (11)$$

чектөөдө:

$$\sum_{jr\in\Delta} x_{ijr} \le a_i,\ i\in I,\quad \sum_{i\in I} x_{ijr} = \sum_{k\in K} y_{jrk} = y_{jr} \le Q_{jr},\ jr\in\Delta,\quad \sum_{jr\in\Delta} y_{jrk} = b_k,\ k\in K, \qquad (12)$$

анда $\overline{X} = \{x_{ijr}:\ i\in I,\ jr\in\Delta\}$, $\overline{y} = \{y_{jrk}:\ jr\in\Delta,\ k\in K\}$; $T_{jrk}$ – const, $jr\in\Delta,\ k\in K$; $c_{ijr} = c_{ir} + c_i$ – өндүрүү –ташуу сарптоо; $k$-жолу менен продукцияны кайра иштетүүнүн сарптоосу – $c_{jrk} = c_{jk}\,\delta_{rk} + M(1-\delta_{rk})$; $T_{jrk} = T_{jk}\delta_{rk}$, $jr\in\Delta,\ k\in K$; $M>0$ – эң чоң сан. (11), (12) маселе үчүн удаалаш эсептөө методунун колдонучулугунун жетиштуу шарты (8) далилделген. Маселенин чыгаруу алгоритмин көргөзгөнгө сандык мисал келтирилген жана чыгарылган.

3.3 тө (6), (7) маселенин жеке учуру каралган, б.а. маселенин экстремалдуу түрү

$$L(x) = \sum_{i\in I}\sum_{j=1}^{n}\sum_{k=1}^{p} c_{ijk}x_{ijk} + \sum_{i\in I}(c_i x_i + T_i)\theta(x_i) \to min \qquad (13)$$

чектөөдө: $\sum_{j=1}^{n}\sum_{k=1}^{p} x_{ijk} = x_i \le a_i,\ i\in I,\quad \sum_{i\in I}\sum_{k=1}^{p} x_{ijk} = b_j,\ j = 1,2,...,n,$

$$\sum_{i\in I} x_{ijk} \le D_{jk},\quad j = 1,2,...,n,\ k = 1,2,...,p, \qquad (14)$$

мында $x=\{x_{ijk}:\ i\in I,\ j=1,2,\dots,n,\ k=1,2,\dots,n\}$.

Чийки затты казып алуу ишканаларын оптималдуу жайгаштырунун жана аларды казып алуу көлөмүнүн планын аныктоо менен байланышкан, ошондой эле чийки затты иштетүүчү ишканага ташуу ыкмалары, чийки заттардын казуу жана ташуу боюнча компаниянын жалпы чыгымдары минималдуу болгон маселенин техникалык-экономикалык жазылышы түзүлгөн.

3.2 де келтирилген жол менен (13),(14) маселе комбинатордук түзүлүшкө алып келинген, алардын бир тобун аныктоо болуп саналат $\omega^*\subset I$, мындай деп $P(\omega^*) = \min_{\omega\subset I} P(\omega)$, (15)

мында $P(\omega) = \sum_{i\in\omega} T_i + P(x,\omega)$, $P(x,\omega) = \min_{x_{ij}} \sum_{i\in\omega}\sum_{j=1}^{n}\sum_{k=1}^{p} \overline{c}_{ijk}x_{ijk}$, (14)чү шарт менен, ал жерде $I$ алмаштырылган ωга, $\overline{c}_{ijk} = c_{ijk} + c_i,\ i\in\omega,\ j = 1,2,...,n,\ k = 1,2,...,p.$

(15) маселе үчүн удаалаш эсептөө усулунун колдонучу жетиштуу шарты (8) далилделген. Бул шарт удаалаш эсептөөнүн алгоритмин В.П. Черениндин жазылышы боюнча маселеге колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Эсептөөнүн алгоритми сандык мисал менен көрсөтүлгөн, маселенин глобалдык минимумун табыш үчүн 16 варианттан 11 вариант каралган.

3.4тө продукциянын өндүрүү көлөмү чектелген жана нөлдө үзгүлтүккө учураган өндүрүү чыгымды аныктаган функциясы $\varphi_i(x_i) = c_i x_i + T_i\theta(x)$, $i=1,2,\dots,m$ өндүрүүнү жайгаштыруу маселеси (6),(7) каралган. Маселеге удаалаш эсептөөнүн алгоритмин колдонулган ыкма сунушталган.

Маселе биринин артынан бирин чыгаруу экстремалдуу маселе түрүндө каралат:

$$L_1(\bar{x}) = \sum_{i\in I}\sum_{j=1}^{n}\bar{c}_{ij}x_{ij} + \sum_{i\in I}T_i\theta(x_i) \to min \qquad (16)$$

чектөөдө: $\sum_{j=1}^{n} x_{ij} = x_i \le a_i,\ i \in I,\quad \sum_{i=1}^{m} x_{ij} = b_j,\ j = 1,2,...,n,$ (17)

мында $\bar{x} = \{x_{ij} :\ i \in I,\ j = 1,2,...,n\},\ \bar{c}_{ij} = \sum_{k=1}^{p}\bar{c}_{ijk}x_{ijk} \Big/ \sum_{k=1}^{p}\bar{x}_{ijk},\ \bar{x}_{ijk} = min\{a_i, b_j\},\ k = 1,2,...,p,$

$$\bar{c}_{ijk} = c_{ijk} + c_i,\ i \in I,\ j = 1,2,...,n,\ \ k = 1,2,...,p,$$

$$L_2(x) = \sum_{i\in I}\sum_{j=1}^{n}\sum_{k=1}^{p}\bar{c}_{ijk}x_{ijk} \to min \qquad (18)$$

чектөөдө: $\sum_{k=1}^{p} x_{ijk} = x_{ij}^{*},\ i \in I,\ j = 1,2,...,n,\quad \sum_{i\in I}\sum_{j=1}^{n} x_{ijk} \le D_k,\ k = 1,2,...,p,$ (19)

мында $x_{ij}^{*}$ - (16), (17) маселенин оптималдуу чыгаруусу, $I = \{0,1,2,...,m\}$.

$\omega\subset I$ көптүктөрдүн жыйындысы киргизилет жана ар бир $\omega\subset I$ көптүктө функциялар түзүлгөн

